Кабыл алынды:
№ 1 пед кеңешме
«30» 08 2022-жыл

**Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруунун жобосу**

**1.Жалпы жобо:**

Жөндөмдүү бала башкалардан өзгөчөлөнүп алдыда, көрүнүктүү айрым учурда өзгөчө ийгиликтерге жете алган, чыгармачыл, аракетчил бала.

1.1. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруу интелектуалдык, физикалык, көркөм чыгармачылык, коммуникативдик мүмкүнчүлүгү бар өзгөчөлөнгөн окуучуларды өнүктүрүү багытында иш алып баруу.

1.2. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруунун максаты өзгөчөлөнгөн окуучулардын оптималдуу өнүгүшүнө шарт түзүү.

**2. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруунун максаты, тапшырмасы:**

2.1 Максаты: окуучулардын оптималдуу өнүгүшүнө шарт түзүү.

2.2 Максатка жетүү үчүн төмөнкү тапшырмаларды ишке ашыруу керек.

а) Жөндөмдүү окуучуларды ар кандай диагностикалык түргө бөлүп, аныктоо;

б) Окуучуларга жекече багытта иш алып барууга профилактикалык программа түзүү;

в) Жөндөмдүү окуучуларга сабак учурунда жекече дифференсияны колдонуу;

г) Окутуу каражаттары аркылуу өз алдынча ойлоно алган, илимий-изилдөөгө мүмкүнчүлүгү бар сабакта, класстан тышкаркы иштерде чыгармачыл окуучуну аныктоо.

д) Сабактан тышкары ар кандай кызыктуу иштерди уюштуруу;

ж) Үй-бүлөсү менен бирдикте психология жана педагогикалык иштерди уюштуруу.

з) Ийгиликтердин жыйынтыгы боюнча педагогдорду жана окуучуларды сыйлоо;

2.3. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруу окуу жылында педагогдордун жекече планынын негизинде жүргүзүлөт. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып барууну жекече жана топ менен иштөө аркылуу уюштурса болот.

2.5. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруу 1-сентябрдан окуу жылынын аягына чейин окуу-тарбия процессинде жүргүзүлөт.

2.6. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруу ОББ нын жалпы жетекчилигинин алдында жүргүзүлөт.

2.7. Предметтик мугалимдер, класс жетекчилер, кружок жетекчилери жөндөмдүү окуучулардын коштоосу менен иш алып барса болот.
2.8. Окуучулар менен иш алып баруу кружок формасында, предметтик олимпиада, проект түзүү, предметтик жумалык, турнир, сынак, көргөзмөлөргө катыштыруу, өз алдынча балдар чыгармачылыгынан жаралган иштерди түзүү, жекече жана топ менен иш жүргүзсө болот.

**3. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруунун принциптери:**

3.1 Жекече план түзүү (Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруу боюнча жогорку денгээлдеги).
3.2 Жөндөмдүү окуучуларды мүмкүнчүлүгүнө жараша ар тараптан өнүктүрүү.
3.3. Класстан тышкаркы иштерде өнүктүрүү.
3.4 Мугалимдер менен бирдикте иш алып барууга шарт тузү

**4. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып барууну функционалдык камсыз кылуу иштери:**

4.1. Окуу процессинде директордун милдети жылдык планга жөндөмдүү окуучулар менен иш алып барууну киргизүү жана көзөмөлдөө.
4.1. Педагогдорго материалдык жактан стимул берүү, ошондой эле ар кандай сынактан, олимпиададан, таймаштан орунга ээ болгон окуучуларды дагы сыйлоо.